КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАКАЙ-АТА АЙМАКТЫК
ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАКАЙ-АТИНСКАЯ
ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ
ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ

Кыргыз Республикасы,
Бакай-Ата айылы, Манас көчөсү №83
тел./ факс: +996 (3457)3-22-12
+996 (3457)3-22-14
adm58@shailoo.gov.kg

Кыргызская Республика,
с.Бакай-Ата, улица Манаса №83
тел./ факс: +996 (3457)3-22-12
+996 (3457)3-22-14
adm58@ shailoo.gov.kg

**Бакай-Ата аймактык шайлоо комиссиясынын**
**№ 8 - Ч Е Ч И М И**

19.11.2024-ж.                                                                 Бакай-Ата айылы

**Отурумга катышкандар:**

Чукотаев Б.С. - АШКнын төрагасы
Дуйшенова Г.К. - АШКнын катчысы
Алымбеков Д.Т. - АШК мүчөсү
Шайбыров М.А. - АШК мүчөсү
Серекова С.Б. - АШК мүчөсү
Джуманалиева А.Дж. - АШК мүчөсү
Узенов У.К. - АШК мүчөсү
Алымбеков Н.А. - АШК мүчөсү
Молдокулов А.Ж. - АШК мүчөсү
Джамакеев С.У. - АШК мүчөсү
Кокумова Г.Р. - АШК мүчөсү
Садабаев Ж.С. - АШК мүчөсү

**Күн тартиби:**

**Талас облусунун Бакай-Ата райондук ички иштер бөлүмү тарабынан үгүт тартибин бузуу боюнча 02-064-2024-000944 сандуу материалдар топтому менен таанышуу жана чечим чыгаруу жөнүндө**

2024-жылдын 17-ноябрында өткөн Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоодо Биримдик айылдык кеңешине №2-Өзгөрүш шайлоо округунан талапкер Эсенбаева Гулнар Турусбековнанын бир тууган эжеси Эсенбаева Гулсара №6053 - Кашка-Жол шайлоо тилкесинде добуш берүү күнү "КР Жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоо жөнүндө" КР Мыйзамында үгүт иштери боюнча көрсөтүлгөн талаптарды бузгандыгы үчүн жана аталган шайлоо участогундагы күзөттө турган Өзгөрүш айылынын үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун мээрманы Көчөрбаева Дариха Мырзакуловна Бакай-Ата райондук РИИБ тергөөчүлөрү тарабынан тергөөгө алынган. Аталган жагдай Бакай-Ата РИИБ МККна 02-064-2024-000944 саны менен каттоого алынган. Бирок КР КЖПКнин 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктунун негизинде тергөөдөн баш тартылган. Үгүт тартиптерин бузуу боюнча катталган жагдайга карата Бакай-Ата аймактык шайлоо комиссиясынын отуруму, Бакай-Ата райондук РИИБ тарабынан келип түшкөн 02064-2024-000944-01-011 сандуу материалдардын топтому менен таанышып, талапкер жана бир тууганынан түшүнүктөр алынды.
Жогорудагыларды талкуулап, "КР Жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоо жөнүндө" КР Мыйзамынын 44-беренесинин 2-бөлүгүнүн 6-бөлүмчөсү жана КР Бузуулар Кодексинин 65-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып,Бакай-Ата аймактык шайлоо комиссиясынын отуруму

**Чечим кылат:**

1. "КР Жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоо жөнүндө" КР Мыйзамынын 44-беренесинин 2-бөлүгүнүн 6-бөлүмчөсүнө ылайык, үгүт тартиптерин бузгандыгы үчүн Биримдик айылдык кеңешине №2-Өзгөрүш шайлоо округунан талапкер Эсенбаева Гулнар Турусбековнанын бир тууган эжеси Эсенбаева Гулсарага КР Бузуулар Кодексинин 65-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык айып пул салынсын.

Сканировано с CamScanner

2. Айып пул салуу маселеси КР Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын Талас жана Бакай-Ата аймактык комиссияларындагы атайын өкүлү Ашыркул уулу Кенжебекке сунушталсын.
3. Ал эми кызмат учурунда кызмат оордун таштап кеткендиги үчүн Өзгөрүш айылынын үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун мээрманы Көчөрбаева Дариха Мырзакуловнага карата тартиптик чара көрүү жагы жетекчилигине билдирилсин.
4. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бакай-Ата АШК төрагасы Б.Чукотаевге калтырылсын.

**Бакай-Ата аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы:** **Б.Чукотаев**

**Бакай-Ата аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы:** **Г.Дуйшенова**

Сканировано с CamScanner